
**ДОКУМЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ**
**2020-жылдын 20-июнунда башталат**

## КЕРЕКТҮҮ ДОКУМЕНТТЕР:

- ✓ Аттестат
- ✓ Арыз
- ✓ Медициналык маалымкат (форма 086)
- ✓ 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт
- ✓ Паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк (оригинал жана көчүрмөсү)

## ТӨМӨНКҮ ДАРЕКТЕ КАБЫЛ АЛУУ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ:

Бишкек ш., Абдымомунова көч. 328,
КУУнун лабораториялык корпусу
Телефон:65-45-12




Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
КЕСИПТИК
КОЛЛЕДЖИ

**АБИТУРИЕНТ - 2020**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кесиптик колледжи**



**Бишкек - 2020**



**Ж.Баласагын атындагы КУУнун кесиптик колледжинин директору, э.и.к, доцент Акматов Аскарбек**

## Кымбатуу бүтүрүүчү, ардактуу абитуриент!

Кесип тандоо – адам турмушундагы эң маанилүү кадамдардын бири. Көптөгөн кесиптер бар. Бул жол сени жоготпойт, жаркын жолго жетелейт. Сүйүктүү ишиң менен алектенүү, эмгегиң талап кылынуу жана адамдарга, мекениңе пайдаң тийүү – бул сенин эбегейсиз бактың!

Ж.Баласагын атындагы КУУнун кесиптик колледжи экономикалык, педагогикалык, юридикалык, котормо иши (кытай тили) жана маалыматтык технологиялар багыттары боюнча 14 адистикти даярдайт. Алардын максаты – жөндөмдүү адистерди даярдоо жана атаандштыкты түзүү.

Колледждин бүтүрүүчүлөрү жогорку билим берүүнүн тездетилген программасы боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУда тандаган адистиктерин уланытып окууга мүмкүнчүлүгү бар. Баардык адистиктер көзкарандысыз акредитациядан өткөн. Студенттер илимий, спорттук, чыгармачылык, уюштуруучулук жөндөмдөрүн жана таланттарын өнүктүрүүгө, жайылтууга мүмкүнчүлүк алышат.

Сырттан келген студенттерге жатаканадан орун сунушталат. Окуу режими – 5 күндүк, ишемби, жекшемби – эс алуу күнү. Студенттер үчүн интернет-залдары, компьютердик класстар, лабороториялык окуу кабинеттери, ашкана, заманбап спорт залдары, медициналык пункт кызмат кылат.

Студенттик турмуш – окуу менен гана чектелбейт. Бул активдүү, кызыктуу жана жаркын жашоо мүмкүнчүлүгү. Биз сиздерди Ж.Баласагын атындагы КУУнун кесиптик колледжинде билим алууга чакырабыз.

# Эл аралык кызматташтык

Ж.Баласагын атындагы КУУнун кесиптик колледжинин эл аралык байланышы – заманбап дүйнөлүк талаптардын деңгээлинде колледждин сапаттуу билим берүү ишмердүүлүгүн камсыздоо аркылуу билим берүүчүлүк атаандаштыкты жогорулатуу максатында жүзөгө ашырылуучу келечектүү багыттардын бири болуп саналат.





Бүгүнкү күндө Жаркент гуманитардык-техникалык колледжи (**Казакстан Республикасы, Жаркент шаары**), Бизнес жана коммуникациялар эл аралык колледжи (**Казакстан Республикасы, Алматы шаары**) жана Алтай мамлекеттик университетинин колледжи (**Россия федерациясы, Барнаул шаары**) менен кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн.





Кол коюлган макулдашуулардын чегинде колледждин окутуучулары жана студенттери мастер-класстар жана тажрыйба алмашуу боюнча эл аралык конференцияларды, стажировкаларды, тегерек столдорду өткөрөт. Ар түрдүү эл аралык прогрммаларга, долбоорлорго жана кесиптик чеберчилик боюнча эл аралык конкурстарга катышат.



**050711 – Социалдык педагогика**

**Квалификация**: социалдык педагог

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:** Проблемалуу балдар үчүн атайын мектеп-интернаттарда, үйлөрүндө, эс алуу мекемелери, балдардын жана өспүрүмдөрдүн чыгармачылык борборлорунда, кошумча билим берүү мекемелеринде жана ар түрдүү типтеги билим берүү мекемелеринде балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө.



**050720 – Котормо иши**

**Квалификация:** котормочу

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:** Лингвистикалык билим алуу, маданий коммуникациялар жана тилдер аралык баарлашууну киргизүү.



**080106 – Каржы (тармактар боюнча)**

**Квалификация**: финансист

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**
Эсепке алуу, каржылоо жана талдоо.



**080107 – Салык жана салык салуу**

**Квалификация:** салык салуу боюнча адис

**Кесиптик ишмердүүлүк:**
Салык мыйзамдарынын талатарын аткарууга байланышкан иштерди аткаруу.



**080108 – Банктык иш**

**Квалификация:** банктык иш боюнча адис

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**
Кардарларды тейлөө, бухгалтердик эсеп жана комерциялык банктарда эсептик жана аналитикалык талдоо.



**080110 – Экономика жана бухгалтердик эсеп ( тармактар боюнча)**

**Квалификация**: бухгалтер

**Кесиптик ишмердүүлүк:** Эсепке алуу жана аналитика, тактап айтканда, бухгалтердик эсеп,экономиканын ар түрдүү ишканаларына аудит жана талдоо.



**080501 – Менеджмент (тармактар боюнча)**

**Квалификация:** менеджер

**Кесиптик ишмердүүлүк:** Экономиканын ар түрдүү ишканаларына менеджер катары каржылык-экономикалык маселелерди чечүү жана башкаруу, уюмдарга адистерди даярдоо .



**220206 – Башкаруунун жана маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары**

**Квалификация**: техник

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:** Базалык маалыматтарды пайдаланууда ишенимдүүлүктү камсыздоо, базалык маалыматтарды эксплуатациялоо жана түзүү, иштеп чыгуу



**230109 – Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо**

**Квалификация:** техник-программист

**Профессиональная деятельности включает**: алгоритм маселелерин иштеп чыгуу, тестирлөө алгоритмин программалык жактан камсыздоо



**230701 –Колдонмо информатика (тармактар боюнча)**

**Квалификация**: техник-программист

**Профессиональная деятельность включает:** Заманбап маалыматтык комуникациялык технологияларды пайдаланып, маалыматташтырылган жана автоматташтырылган прикладдык маселелерди чыгаруу жана маалыматтык системаларды түзүү



**030503 – Укук таануу**

**Квалификация**: юрист.

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:** укуктук ченемдерди ишке ашыруу, мыйзамдуулукту жана укук тартибин ишке ашыруу, укуктук жактан окутуу жана тарбиялоо.



**040101 – Социалдык иш**

**Квалификация**: социалдык кызматкер

**Кесиптик ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:** Социалдык коргоо жана социалдык тейлөө (турмуш-тиричилиги оорлорду аныктоо, профилактикалык иштерге кейс-менеджменти киргизүү, социалдык кызмат көрсөтүү).



**050704 – Мектепке чейинки билим берү**

**Квалификация:** мектепке чейинки курактагы балдарга тарбиячы

**Кесиптик ишмердүүлүк:** Мектепке окуучулар даярдоо, үй-бүлөдө, эрте жана мектепке чей курактагы балдарга билим берүү мекемелер балдарды окутуу, тарбиялоо, ар тараптуу өнүктүрүү.



**050709 – Башталгыч класстарда окутуу**

**Квалификация**: башталгыч класстын мугали

**Кесиптик ишмердүүлүк:** Жалпы билим берүүнүн башталгыч билим берүү программаларын ишке ашыруу процессинд кенже мектеп курактагы балдарды окутуу жана тарбиялоо